Кереге кеңеш

Вера БЕДЕЛБЕК, "Кыргыз Туусу"

**19-январда Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясында Президенттин "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү" жарлыгынын жана "Кыргыз Республикасынын жаранын руханий өнүктүрүүнүн жана калыптандыруунун узак мөөнөттүү идеологиялык стратегиясынын долбоорун иштеп чыгуу" тескемесинин алкагында "Кыргызстандагы коомдук-гуманитардык илимдердин азыркы абалы жана алардын натыйжалуулугун жогорулатуу чаралары жөнүндө" кереге кеңеш болуп өттү.**



# Идеология – улутту негизиндеги идея

Кыргызстандагы коомдук-гуманитардык илимдердин азыркы абалы, улуттук, мамлекеттик, коомдук идеология жана мектептердеги билим берүүнүн сапатын жакшыртууга багытталган кеңешмени КР УИАнын вице-президенти, академик, юридика илимдеринин доктору, профессор Ч.И.Арабаев уюштуруп, Кыргызстандагы гуманитардык илимдер багытындагы илимпоз-окумуштуулардын дээрлик баарын кереге кеңешке чакырган.

Жыйында КР УИАнын президенти, корреспондент-мүчө, геология-минералогия илимдеринин доктору, профессор К.Е.Абдрахматов, КРнын мамлекеттик катчысы С.С.Касмамбетов, саясат таануу илимдеринин доктору Ж.С.Сааданбеков, КРнын Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Абазбек уулу, КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары Чынгыз Эсенгул уулу, президенттин кеңешчиси Б.И.Бөрүбашов, окумуштуулар: М.М.Мамытов, А.А.Асанканов, А.А.Акматалиев, З.К.Курманов, Н.К.Саралаев, Дж.С. Джаилов, Э.М.Мамбетакунов, Ж.Ж.Жоробеков, Ж.А.Касаболотов ж.б. баяндама жасашты. Окумуштуулар Кыргызстандагы коомдук-гуманитардык илимдердин азыркы учурдагы абалы, идеология, мектептердеги билим берүүнүн сапаты жана айрым предметтердеги мүчүлүштүктөр жөнүндө өз ой-пикирлерин ортого салышып, учурдун актуалдуу маселеси экендигине токтолушту.

Жыйындын жүрүшүндө саясат таануу илимдеринин доктору Ж.С. Сааданбеков "Коомдук-гуманитардык илимдердин натыйжалуулугун жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин тескемесин ишке ашыруу боюнча милдеттер жөнүндөгү" баяндамасынын бардыгын тең окуунун кажети жоктугун жана анын баяндамасы катышуучулардын ар биринин алдында тургандыгын, ал ЖМКларда жарыялангандыгын айтып, академиядагы эмгек акынын аздыгын, илимдин доктору болуп туруп 15 000 сомдон айлык алуу уят экендигин, Өзбекстанда бул маселе эбак чечилип, илимге камкордуктар көрүлүп жаткандыгын жана биздин мамлекетте да илим адамдарына карата шарттар түзүлсө жакшы боло тургандыгын айтып, Мамлекеттик катчы ушул маселеге көңүл буруп, өлкө бийлигине жеткирсе деген ниетин билдирди.

Коомдук илимдердин проблемаларын талкуулоо учурунда өлкөдө коомдук-гуманитардык илимдер боюнча илимий-изилдөө иштеринин абалы тынчсыздандырганын билдиришип, мамлекетке зарыл болгон кайсы бир тармактагы маселелерди изилдөө боюнча тапшырмалар жокко тете экендигин, изилдөөчүлөр өзүлөрү каалаган темага гана кайрылып жатышкандыктарын айтышты. Окумуштуулар 90-жылдардагы коомдук-саясий системанын либералдык-демократиялык трансформациясы идеологиялык принциптердин өзгөрүшүнө жана коомдогу руханий баалуулуктардын башка нукка бурулушуна түрткү бергендигин белгилешти. Ошондой эле 2000-жылдары коомдо жана мамлекеттик структураларда илимге карата риторика жакшы жакка өзгөргөнү менен мамлекеттик илимий-техникалык саясатта реалдуу өзгөрүүлөр болбогондугу, илимий кадрлардын ишмердүүлүгүнүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшүнө таасирин тийгизип, коомдук илимдердин ролунун төмөндөшүнө алып келгендигин баса белгилешти.

Коомдук-гуманитардык илимдердин окумуштуулары фундаменталдык жана прикладдык илимдердин артыкчылыктуу багыттарына кризистен чыгуунун жолдорун изилдөөдө чыгармачылык жигердүүлүктү жана инновациялык духту көрсөтпөй жатышкандыктары, илимди каржылоонун деңгээли жетишсиз боюнча калгандыгы жана илимий кадрлар башка өлкөлөргө чыгып кетип жаткандыгы туралуу, ошондой эле КР УИА фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдүн координациясын натыйжалуу ишке ашырууга тийиш экендиги, анын ичинде коомдук илимдер боюнча илимий жана илимий-техникалык уюмдардын ишмердигин бириктирип, илимдердин өз алдынча өнүгүшүн гана эмес, коомго жана мамлекетке реалдуу пайда алып келе турган, тагдырды өзгөртүүчү орчундуу программалардын, маселелердин чечилишине өбөлгө түзүүсү керектиги айтылды.

Кеңештин катышуучулары өлкөнүн заманбап геосаясий таламдарын, илимий-техникалык прогресстин өнүгүүсүндөгү дүйнөлүк тенденцияларды, батыш өлкөлөрүндөгү коомдук институттардын ролунун өзгөрүшүнүн терс тенденцияларын эске алуу менен, көп уюлдуу дүйнөдө кыргыз элинин өзгөчөлүгүн сактап калуу үчүн улуттук кызыкчылыктарды урматтоону, үй-бүлө институтунун ролун бекемдөөнү, Манастын 7 осуятын аткаруунун маанилүүлүгүн баса белгилешти.

Кереге кеңеш коомдук-гуманитардык илимдерди өнүктүрүүнүн, координациялоонун жана интеграциялоонун, илимий изилдөөлөрдүн деңгээлин жана сапатын жогорулатуунун актуалдуу маселелерин талкуулап, жыйынтыгында: 1. Республикада коомдук-гуманитардык изилдөөлөрдү координациялоо жагынан илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын жана негизи багыттарын жыл сайын талкуулоо; 2. КР УИАнын коомдук-гуманитардык изилдөөлөрүнүн төмөнкү багыттары боюнча илимий иштерди активдештирүү; а) Коомдун руханий өнүгүүсүнүн социалдык-философиялык аспектилери; б) Кыргызстандагы социалдык-экономикалык, протестардык (бийликтик) жана саясий процесстер (байыркы доорлордон баштап бүгүнкү күнгө чейин); в) Кыргыз мамлекетинин саясий системасынын жана улуттук коопсуздугунун түзүмү; г) Манас эпосунун ролу; д) ЕАЭБ жана КЭРдин "Бир алкак – бир жол" демилгесинин алкагында Кыргызстандын экономикасы: жыйынтыктар жана өнүгүү перспективалары. 3. КР УИАнын ЖОЖдор жана тармактык илимий изилдөө мекемелери менен илимий изилдөөлөрдү координациялоо жана интеграциялоо; 4. Коомдук-гуманитардык илимдер боюнча кадрдык потенциалды



чыңдоо максатында КР Билим берүү министрлигине төртүнчү муундагы стандартка "Философия", "Саясат таануу", "Мамлекет жана укук" предметтерин киргизүү, ошондой эле бул адистик боюнча ЖОЖдорго бюджеттик негизде кабыл алуу сунушунун негизинде токтом чыгарылып, резолюциясы кабыл алынды.

**КР УИАнын президенти, профессор Канатбек АБДРАХМАТОВ:**

## "Кыргыз тарыхчыларында бөлүнүү пайда болду"

– Бүгүнкү жыйынга коомдук-гуманитардык илимдер багытындагы белгилүү окумуштууларды, академиктерди, жогорку окуу жайлардын окутуучуларын чакырдык. Себеби акыркы мезгилдерде коомдо бул багытта бир катар көйгөйлөр жаралды. Ошол көйгөйлөрдү биргеликте чечип алалы деген максатты көздөдүк. Өзүм тарыхчы эмесмин, бирок кызыктуу жагдай пайда болду. Жакында эле россиялык тарыхчы Виктор Козодой Россиядан Кыргызстанга келди. Ал былтыр "Сибирь кыргыздарынын тарыхы" деген китепти жазган. Ал китеп бир күндө 2 миң нускада сатылган. Китеп жарыкка чыкканы кыргыз тарыхчыларында бөлүнүү пайда болду. Биринчиси – Виктор Козодойдун жазганын колдогондор, экинчиси – Виктор Козодойдун жазганын туура эместигин айтышып, ага каршы чыккандар. Ошондуктан бүгүнкү жыйында бул боюнча да пикириңиздерди угалы дедик.

Президентибиз Садыр Жапаровдун "Кыргыз Республикасынын жаранын руханий өнүктүрүүнүн жана калыптандыруунун узак мөөнөттүү идеологиялык стратегиясынын долбоорун иштеп чыгуу" боюнча тескемесине жооп берген жана кыргыз идеологиясын иштеп чыгууга күчүбүз жетеби, жазып чыга алабызбы деген суроолор жаралууда. Менимче бүгүнкү жыйында мына ушул суроолорго жооп берип, резолюция кабыл алып, сунуштарыбызды Президентке жолдойбуз деген ишеничтемин.

**Мамлекеттик катчы Сүйүнбек КАСМАМБЕТОВ:**

## "Идеологиялык багыттарды аныктоодо илимге таянышыбыз керек"

– Кыргызстандагы коомдук-гуманитардык илимдердин азыркы учурда-

# ...ук баалуулуктардын ...лардын топтому

гы абалы тууралуу маалымат угалы деп бүгүнкү жыйынга келип отурабыз. Президенттин Указы менен "Кыргыз Республикасынын жаранын руханий өнүктүрүүнүн жана калыптандыруунун узак мөөнөттүү идеологиялык стратегиясынын долбоорун иштеп чыгуу" узак мөөнөткө бекитилди. Идеологиялык иш алып баруунун негизги багыттарын аныктоодо илимге таянып иш алып барабыз деген абдан жүйөөлүү пикир айтылды.

Бүгүнкү жыйынга келерде Президентке жолугуп, "Аксакалдардын акылына таянып, кылымдарды карытып келген элбиз, администрациянын кызматкерлери менен биргеликте окумуштуу аксакалдардын кеңешине баратабыз" десем, аябай кубанып, "илимге таянган кандай гана мамлекет болбосун анын кадамы ишенимдүү да, кенен да болот, ошол жерде айтылган сөздөрдү коомчулукка жеткиргиле", – деди. Түзүлгөн жумушчу топ, ар бир катышкан жыйындарда айтылган пикирлерди таблица түрүндө топтоп келе жатат.

Идеологиялык багыттарды аныктоо боюнча иш алып баруунун концепциялары түзүлдү. Улуттук нарк тууралуу Мамлекеттик программанын алкагында аймактарда көптөгөн жыйындардагы пикирлерди, маалыматтарды жыйнап жатабыз. Кыргызстандын соңку 30,40 жылдык тарыхынын идеологиясы тууралуу сунуштарыңыздардын баарын ЖМКларга, интернет булактарына жарыялоого мүмкүнчүлүгүбүз жетет. Улуттук, мамлекеттик идеология жөнүндөгү сунуш-пикирлериңиздерди сиздер менен кеңешип, талкуулап, кайсы учур болбосун кабыл алууга даярбыз.



**Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул АБАЗБЕК уулу:**

## "Баалуулуктарды билген адам гана жашоодо өз ордун таба алат"

– Азыркы мезгилде коомдук-гуманитардык илимдердин маданиятты калыптандырууда, коомду өнүктүрүүдө жана тарыхыбызда мааниси баа жеткис. Биз улуттук маданияттын жана тарыхтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бул тармакты активдүү өнүктүрүүгө умтулушубуз керек. Ар бир жаш өспүрүм өз мекенин жана жашап өткөн ата-бабаларынын тарыхын окуп билүүгө жана андан таалим-тарбия алууга милдеттүү. Өз эли-жеринин тарыхын, эне тилин, салт-санаасын, каада салтын билген, аны баалап түшүнө алган билимдүү адам гана жашоодо өз ордун таба алат.

Азыр биз кескин өзгөрүүлөр коштогон мезгилде жашап жатабыз. Бул абал байыртан келаткан руханий баалуулуктарга маани берилбей таалим тарбиянын солгундап кеткендигинен, адеп-ахлактын бузулгандыгынан, адамдын нарк-насилдик баалуулуктарынын төмөндүгүнөн түзүлүүдө деп окумуштуулар айтышууда. Адамзаттын түбөлүктүү баалуулуктары күнүмдүк материалдык кызыкчылыктардын көлөкөсүндө калып, улам четке сүрүлүп барат. Албетте, биз адамзаттык өнүгүү жолунан четте калууга акыбыз жок. Бизге жалпы улуттук деңгээлдеги калкыбыздын биримдигин, анын ар бир жаранынын жашоо маңызын аныктай алган идеялар керек. Бул багытта концепцияларды ишке ашырууда коомдук-гуманитардык илимдердин ролу абдан маанилүү. Буга чейин болуп келген жетишсиз каржылоо жана мамлекеттик колдоонун алсыздыгы коомдук-гуманитардык тармактарда илимий иштерди өнүктүрүүгө олуттуу тоскоолдугун жараткан. Өткөн жылда мамлекет тарабынан колдоо иретинде 120 миллион сом каражат бөлүнүп берилди. Коомдук-гуманитардык илимдерди өнүктүрүүдө каржы, кадрларды даярдоо маселесин чечип, кызматташтыкты жогорулатууну жолго коюшубуз керек.

**Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары Чыңгыз ЭСЕНГУЛ уулу:**

## "Жаштар интернет аркылуу дүйнө таанымын калыптандырууда"

– Учурда Кыргызстандын калкынын 70 пайызын жаштар жана балдар түзөт. Анын 35 пайызы 14 жаштан 35 жашка чейинкилер. Кыргызстан эгемендигин алган жылдарда төрөлгөн балдар бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын жаштары. Алар кандай идеология менен чоңойду? Алардын дүйнө таанымына, руханий калыптануусуна эмнелер таасир эткенин баарыбыз жакшы билебиз. Бүгүнкү күндө элдин 95 пайызы интернетти колдонгондор, анын ичинен телевидение артка жылып, эң көп маалымат алуу булагы интернет аркылуу болуп калды. Көпчүлүк бөлүгү социалдык тармактар аркылуу маалымат алып жатышат. Демек, алар интернет булактары аркылуу өзүнүн дүйнө таанымын калыптандырып жатышат. Жаштар интернетте өзүнүн тарыхын, уруусун изилдөө боюнча бир топ маанилүү видео роликтерди жаратып жатышат.

Ошондуктан биз улуу муундагылар менен жаштарды айкалыштырып, алардын көз караштарына, дүйнө таанымына ылайык келген маалыматтарды камтыган видеолорду чыгарып, аларга жайылтуу жолун дагы өздөштүрүүнү уюштурсак, жаштарыбызды туура нукка бурмакпыз. Интернет булактарынын агылып келген ар кыл багыттагы маалыматтын көптүгүнөн жаштар эмнени окуурун, кимге ишенерин билишпейт. Биз жаштарга ылайыктап, бул нерсени оку, булардан таасир ал деген маалыматты колундагы телефонуна салып берсек. 30 жылда жаштар өз алдынча жүрдү, аларга идеология берүүдө мамлекет аралашпаса болбой тургандыгын убакыт өзү көрсөттү.

**Президенттин кеңешчиси Бекбосун БӨРҮБАШОВ:**

## "Идеология – маалыматтардын, принциптердин жана окуулардын жыйындысы"

– Бүгүн актуалдуу маселе көтөрүлүп жатат. Азыркы учурда глобализациялык саясат кризиске туш келди. Мындан улам биз улуттук идентүүлүккө кеттик. Улуттук идентүүлүк боюнча Баш мыйзамыбыздын 1-бөлүмүнүн 3-беренесинде жазылган. Идеология деген эмне? Менимче идеология адамдардын саясий, социалдык, экономикалык, маданий көз караштарын ишке ашыруу боюнча маалыматтардын, принциптердин жана окуулардын жыйындысы. Биринчиден, ак калпак кийсек эле кыргыз улуттук идеологиясын көтөрүп жүрөт деген түшүнүк туура эмес. Биз аны жүзөгө ашыруу үчүн ал идеяны аткарышыбыз керек. Идея, рух, дух болушу шарт. Экинчиден, улуттук идеологиянын негизги үч принциби бар. Улуттук кызыкчылыктын артыкчылыктары, улуттук жалпылык, руханий биримдик. Мына ушул 3 принциптин негизинде түзүлгөн баалуулуктар улуттук идеологиянын негизин түзөт. Бул багытта Президенттин жарлыгы чыгып, Мамлекеттик программа кабыл алынды. Иш-аракеттер көрүлүп келе жатат, кемчиликтер да жок эмес. Конституциялык институтта кабыл алынган мыйзамда коом жана мамлекет өнүгүүсүндө илимге таянат деп жазылган.

**Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун директору, академик Абылабек АСАНКАНОВ:**

## "Идеология – бул идеялардын топтому"

– Бүгүнкү күнгө чейин 4 жолу улуттук идеологияны иштеп чыгуу боюнча комиссия түзүлүп, иштелип чыккан. Биринчиси, А. Акаевдин тушунда академик О.Ибраимов "Хартия" деген программаны иштеп чыккан. Бул программа өз учурунда ишке ашкан жок. Экинчиси, Т.Койчиев "Слово Кыргызстана" газетасына улуттук идеология эмес, "Государственная идеология" деген кеңири макаласын пункттары менен жарыялаган. Бул дагы ишке ашкан жок. Үчүнчүсү, К.Бакиевдин мезгилинде Д.Сарыгулов мамлекеттик катчы болуп турганда курамында 27 кишиден турган топ түзүп, улуттук идеологияны иштеп чыгуу аракетин көргөн. Бул дагы ишке ашкан жок. Буга "Поиск национальной идеологии" деген бөлүм менен бир китебимде толук кайрылгам. Себеби, улуттук идеологияны табуунун өзү татаал. Анткени биз көп улуттуу элбиз. Ошонучүн улуттук идеология деген сөз кимге таандык, кыргыздарга элеби же бардык улуттарга да тиешелүүбү? Же мамлекетти кошкон улуттук идеология болуп эсептелеби деген суроо жаралат. Анткени англис тилдүү элдерде "улуттук" деген сөздө "мамлекеттик" деген түшүнүк бар. Мүмкүн, азыркы түзүлгөн жумушчу топ жакшы идеологияны иштеп чыгаар. Идеология – бул идеялардын жыйындысы. Балким, ошол идеялардын топтому идеологияны түзөөр.

Мисалы, Сингапурдун өлкө башчысы бийликке келгенде эң биринчи коррупцияга каршы күрөшүүнү мамлекеттик идеология деп эсептеп, 30 жылда өз өлкөсүн алдыңкы 5 өлкөнүн катарына алып чыккан. Мамлекет башчы өзүнүн эжеси менен агасын түрмөгө камаган. Көптөгөн өлкөлөрдө улуттук идеология жок, Конституция, либерализм же ар бир кырдаалга, абалга жараша идеялар. Менимче, улуттук жана мамлекеттик идеологиянын негизин кыргыз жараны түзүш керек. Себеби, кыргыз жараны деген, "кыргыз" деген эле сөз эмес, биринчи иретте этникалык идентүүлүктөгү Кыргызстандын жараны деген түшүнүк...

**Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору, академик Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ:**

## "Чыдамыбыз чегине жетти"

– Эгемендүүлүк башталгандан кийин жалган илимдер пайда болду. Ал тилде да, адабиятта да болду. Манастын сөөгүн да таап жибериши. Тарыхта болсо ата-бабаларыбыз алгач маймылдан жаралган кыргыздар деп чыкты ж.б.. Биз ошолорго туруштук бере алган жокпуз. Анткени бизге камкордук түзүлгөн жок. Улуттук идеология, улуттук идея, мамлекеттик идеология боюнча иш-аракеттерибизди көрүп келе жатабыз. Бул чоң тема, бир күндө эле такталып, жыйынтыкталып калбайт, аны ушул жыйында колдон келишинче талашып-тартышып көрдүк. Буга чейин КР УИАнын Тарых, археология жана этнология, Философия жана укук, Тил жана адабият институту "Улуттук идея" жөнүндө ар бири 3 томдон турган, 500 нускалуу китептерди чыгарышты.

Л. И.Брежнев "Нан болсо – ыр да болот" дегендей, нан болсо, илим да болот, илимге да көңүл бурулуш керек. Биз 12 000-15 000 сом айлык менен иштеп жатабыз. Айрым кызматкерлер университеттерде сабак берүүгө аргасыз болушууда. Илимди бул жерде отуруп алып жазыш үчүн шарт түзүлүш керек. Эки жылдан бери эмгек маяналарыбыздын көтөрүлүшүн күтүп келе жатабыз. Чыдамыбыз да чегине жетти. Илим изилдеген 7 кандидатыбыз айлыктарынын аздыгынан мектептерге кетип калды. Андыктан эмне кылуу керек деген жүйөөлүү суроо жаралууда. Коомдук илимдер бөлүмүндө 270 кызматкер, анын 50дөн ашууну докторлор, 100дөн ашуун кандидаттар эмгектенет. Жалпы бөлүнгөн каражат 40 млн. сом, башка бир 30 киши иштеген мекемеде 45 млн. сом берилип жатат. Калыстык кайда?

Резолюцияга сунуш: 1. Ааламдашуу мезгилинде элдик оозеки чыгармачылыкты, адабиятты өнүктүрүү жана каада-салт, үрп-адаттарды сактоо үчүн шарттарды түзүү; 2. Коомдук илимдер бөлүмүнүн айлыктарын көтөрүү, эмгектерин чыгаруу, илим сапарларга жиберүү, экспедицияларды уюштуруу, материалдык-техникалык базаны чыңдоо. 3. Конституциянын негизинде КР УИАнын институттары илимди өнүктүрүүнү координациялоонун механизмин жана илимий пландарын иштеп чыгуусу зарыл.